# №13 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕР

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛОО
**30.11.2025**



## №1 Нышанов Сайдулла Канболотович

**Туулган датасы:** 20.01.1966
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
убактылуу иштебейт

*КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:*

Менин миссиям – 13 округдун ар бир тургунунун кызыкчылыгын коргоп, таза, ачык жана натыйжалуу иштөө. Программанын негизги максаты – жашоонун сапатын жогорулатуу, экономиканы жана инфраструктураны өнүктүрүү, социалдык коргоону, саламаттыкты сактоону жана коопсуздукту чыңдоо.
Мен биздин аймактын ар бир тургуну үчүн ыңгайлуулукту, коопсуздукту жана өнүгүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу менен иштөөгө убада берем.
Бул программа так мөөнөттөрү жана натыйжалары бар конкреттүү иш-аракеттер үчүн иштелип чыккан, ошондуктан ар бир жашоочу менин ишимдин сезилерлик таасирин көрө алат.
Келгиле, алар сыймыктана турган келечек үчүн күчтөрдү бириктирели!

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
тел: 0554000007



## №2 Мамытов Талант Турдуматович

**Туулган датасы:** 14.03.1976
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
КР Жогорку Кеңештин депутаты

**"ЫРЫС АЛДЫ – ЫНТЫМАК"**

*КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:*

Депутаттар жолдорду жана көпүрөлөрдү салбайт, мектептерди, бала бакчаларды жана башка социалдык объектилерди курушпайт. Депутаттар мыйзамдарды жазып, кабыл алат жана кабыл алынган мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөйт. Мен өз тарабымдан элим үчүн чын дилимден иштөөгө, өз ыйгарым укуктарымдын алкагында элимдин жашоосун жеңилдеткен жана мамлекетибиздин мындан ары да өнүгүүсүнө мыйзам долбоорлорун иштеп чыгууга убада берем.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
тел: 0554978010



## №3 Кенжебаев Нурланбек Исраилжанович

**Туулган датасы:** 01.01.1989
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
убактылуу иштебейт

***"Өнүккөн өлкө, адилеттүү келечек үчүн!"***

*КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:*

Экономика: Ишкерлерге шарт жеңилдетем, жергиликтүү өндүрүштү колдойм.
Социалдык колдоо: Пенсия, турак жай жана медицина жеткиликтүү болот.
Билим жана жаштар: Мугалимдер бааланат, мектептер жаңыланат, жаштарга шарт түзөм.
Аймак жана инфраструктура: Ар бир айылда суу, жол, чакан заводдор.
Айыл чарба жана токой: Дыйкандарга жардам, токойлорду коргоо.
Таза бийлик: Ачык бюджет, отчеттуулук, коррупцияга каршы.
Экология: Жашылдандыруу, таштандыларды кайра иштетүү.
Маданият жана биримдик: Улуттук маданият, кыргыз тилин колдоо.
Максатым — адилет, таза жана өнүккөн Кыргызстан.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
тел: 0502552955



## №4 Курбаналиев Жаныбек Масабирович

**Туулган датасы:** 07.05.1963
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**

***"Элдин үнүн угуп, элге кызмат кылам!"***

*КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:*

- ✓ Элдин социалдык-экономикалык абалын өнүктүрүүгө багытталган программаларды жана мыйзамдарды иштеп чыгуу.
- ✓ Ар бир жаранды, үй-бүлөнү жана балдарды зомбулуктун бардык түрүнөн коргоо.
- ✓ №13-шайлоо округунун жарандарынын кызыкчылыктарын мыйзамдуу түрдө коргоо жана өкүлдүк кылуу.
- ✓ Ата-бабаларыбыздын мурастарын мезгилдин талабына жараша интеграциялоо.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
ddi788733@gmail.com, 0559195099



## №5 Жээнбекова Гулназ Камытовна

**Туулган датасы:** 22.01.1970
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
убактылуу иштебейт

***"Жаңы тандоо – Келечекке ишеним!"***

*КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:*

Аймактарда жумуш орундарын түзүү: Ишкерликке шарт түзүү (микрокредиттер, салык жеңилдиктери); Аймактык өнүгүү долбоорлору аркылуу жаңы жумуш орундарын ачуу;

Бизнес жана жеке ишкердикти колдоо жана алардын өз ишин кеңейтүүсүнө болгон далаалаттарына түрткү берүү менен жаңы жумуш орундарын түзүү;

Ар бир аймакта жеке ишкерлердин бакчаларды ачуусуна көмөктөшүү;

Жаштарды колдоо: Жаштар үчүн стартап программаларын жана кесиптик окутуу борборлорун кайра жандандыруу;

Жарандардын үнүн угуу: Коомдук угуу жол-жоболорун системага киргизүү; Эл менен түз диалог жүргүзүү үчүн онлайн платформаларды түзүү;

Эмгек мигранттарын колдоо: Чет жакта иштеп жүргөндөр үчүн укуктук жардам;

Башка мамлекеттин жарандары Кыргыз Республикасынын жаранына турмушка чыккан энелерге жана алардын балдарына өздүгүн тастыктаган документтерин алууга жеңилдетилген шарттарды иштеп чыгуу;

Жөлөкпулдардын өлчөмүн жашоо минимуна ылайыктоо;

Мен бийлик үчүн эмес, ишеним үчүн барам.

Элдин үнү – менин үнүм.

Мекенге сүйүү, элге ишеним, адилеттикке үмүт!

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
Тел.: + 996 700 175 177
Почта: jeenbekovagulnaz@gmai.com



## №6 Маматалиева Мунара Даниярбековна

**Туулган датасы:** 17.06.1993
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
Садырбаев айыл өкмөтүнүн инвестиция бөлүмүнүн адиси

***"Ноокен – Жергиликтүү күч, Туруктуу өнүгүү"***

*КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:*

Ноокен району — Жалал-Абад облусунун айыл чарбасына негизделген экономикалык борборлорунун бири. Жер, суу, күн энергиясы, эмгек ресурсу жана миграция аркылуу келген акча каражаттары — бул районду туруктуу өнүгүүгө чыгара турган негизги факторлор.
Программанын максаты — айыл чарбасын кайра жандандырып, миграция агымын башкаруу жана анын экономикалык потенциалын жергиликтүү өнүгүүгө буруу.
Сугат системаларын жаңылоо: насостук станцияларды орнотуу, тамчылатып сугаруу, суу үнөмдөө технологияларын киргизүү.
1. Кайра иштетүү жана экспорттук мүмкүнчүлүк.
2. Айыл чарбада жаштарды тартуу.
3. Миграцияны айыл чарбага интеграциялоо.
4. Социалдык жана маданий байланыш.
Жергиликтүү инфраструктура.
Айылдык жолдорду оңдоо, агро логистика үчүн атайын жолдор.
Электр энергиясын туруктуу камсыз кылуу (күн панелдери аркылуу).
Интернет инфраструктурасын кеңейтүү — санарип айыл концепциясы.
Элинин үнү жана үмүтү.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
mamatalievamunka@gmail.com



## №7 Джураева Чинара Муратовна

**Туулган датасы:** 24.04.1983
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
DA VINCI стоматологиялык клиникасынын жетекчиси

***"Мен өз элимдин саламаттыгы үчүн эмгектенем"***

*КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:*

Элдин ден соолугу – өлкөнүн байлыгы
1. Ар бир жарандын саламаттыгы – улуттук баалуулук
2. Дарыгерлерге жана элге билим берүү кызматкерлерине камкордук
3. Заманбап медицина – жаңы мүмкүнчүлүктөр
4. Аялдарга, балдарга жана улуу муунга кам көрүү
5. Таза айлана-чөйрө – таза ден соолук
6. «Күчтүү мамлекет – бул ден соолугу чың эл.

Менин ишенимим. Эгер биз бири-бирибизди колдосок, Кыргыз мамлекети сөзсүз гүлдөп өнүгөт.

Менин максатым. Эл менен бийликтин ортосунда көпүрө болуп, карапайым элибиздин кызыкчылыгын мыйзам менен коргоо. Элдин ден-соолугу – менин миссиям, менин жүрөгүм.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
Тел.: 0550510273
Почта: djuraeva.chinara@mail.ru

## СИЗДИН ДОБУШУҢУЗ – СИЗДИН КЕЛЕЧЕГИҢИЗ!



## №8 Абдалиев Мейкинбек Акимович

**Туулган датасы:** 11.02.1976
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
БШК мүчөсү

*КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:*

Мен жарандардын жашоосун жакшыртууга жана өлкө экономикасын өнүктүрүүгө багытталган мыйзамдарды иштеп чыгууга жана кабыл алууга активдүү катышам, ошондой эле алардын аткарылышын көзөмөлдөйм. Мамлекеттик программалар элге чыныгы пайда алып келиши үчүн иш алып барам.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
Тел. : 0554 05 00 77
почта: a.meykinbek@mail.ru



## №9 Карабекова Айгүл Асановна

**Туулган датасы:** 15.01.1978
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
Жеке ишкер

***"Элдин кызыкчылыгы — жеке кызыкчылыктан жогору"***

*КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:*

1) Билим берүү, жаштарды тарбиялоо.

2) Ишкердикти өнүктүрүү.

3) Жер саясаты жана айыл чарбасы.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
Тел.: 0553 500 971
Почта: karabekova.aigul.asanovna@gmail.com.



## №10 Саипов Айбек Сатыбекович

**Туулган датасы:** 02.03.1985
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
Жеке ишкер

***"Ар бир жарандын добушу — бул жамааттык аракет жана адилеттүүлүккө кошкон салым"***

*КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:*

1. Өлкөнүн керегине жараган мыйзамдарды кабыл алуу менен гана чектелбестен, алардын ишке ашуусун көзөмөлдөө — менин негизги милдетим.
2. Кыргыз Республикасынын Азык-түлүк коопсуздугу, Айыл-чарба жана бааларды көзөмөлдөө министрлигин түзүү
3. Курулуш коопсуздугу
4. Ата мекендик курулуш шаймандарын өндүрүү программасы.
5. Айыл чарба жана таза суу маселеси. Нарын дарысынан Сузак районуна чейин суу каналын куруу
6. Ден соолугу чың адам – өнүккөн өлкө
7. «Ден соолугу чың адам – өнүккөн өлкө» аттуу президенттин программасын колдоо: дары-дармек коопсуздугу.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
aybeksaipov@mail.com, +996 779 800230



## №11 Нурбаева Гүлназ Абдулатиповна

**Туулган датасы:** 14.06.1981
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
Базар-Коргон райондук нотариалдык конторасынын жеке нотариусу

*КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:*

Социалдык колдоо – артыкчылыктуу багыт;
Аймактарда орто жана чакан бизнести өнүктүрүү - жумушсуздукту жоюунун кепили;
Билим берүүгө шарт түзүү – бакубат келечектин негизи;
Дени сак жаран – күчтүү мамлекет;
Коопсуздук, тартип жана тынчтык;
Жаштар жана спорт – сергек жашоонун образы;
Туризмди колдоо – экономикалык өнүгүүгө өбөлгө.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
Тел.: (+996) 772-63-56-99



## №12 Султанова Олмаскан Абдыкапаровна

**Туулган датасы:** 22.04.1985
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
Жеке ишкер

***"Күчтүү үй-бүлө — күчтүү мамлекет"***

*КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:*

Экономика: субсидиялар, жеңилдетилген насыялар; пахта өндүрүшүн жандандыруу; аялдар ишкердиги.
2. Социалдык: көп балалуу, аз камсыз үй-бүлөлөрдү, ОВЗ балдарды колдоо; бала бакчалар, кружоктор.
3. Саламаттык: жаңы ооруканалар.
4. Билим: кесиптик окуу жайлар, гранттар.
5. Инфраструктура: жол, суу, электр; бюджеттик курулуш; мамлекеттик программаларды аймактарга жеткирүү.
Максат — эл өз жеринде, үй-бүлөсү менен жашап-иштеши.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
Тел.: 0704 808 804
Почта: ashk.nooken@mail.ru



## №13 Алтынбеков Айбек

**Туулган датасы:** 12.01.1978
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
КР Жогорку Кеңешинин депутаты

***"Биргеликте туруктуу өнүккөн Кыргызстан"***

*КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:*

-Жалпы мамлекеттик саясат. Мамлекеттик саясаттын негизинде өлкөнүн эгемендүүлүгүн, аймактык бүтүндүгүн, ички жана тышкы саясатынын туруктуулугун колдоо;

-Социалдык-экономикалык багыт. Базар-Коргон жана Ноокен райондорундагы социалдык-экономикалык өнүгүүнүн беш жылдык стратегиялык программасына салым кошуу менен аны аткаруу бийлигине сунуштоо;

-Билимдүү келечек. Базар-Коргон жана Ноокен аймактарында агартуу багытында жетишсиз болгон мектеп, бала бакчаларын аныктап, жаңы долбоорлорун даярдап, Министирлер Кабинетине сунуштоо;

-Туризм жана спорт. Базар-Коргон жана Ноокен райондору тоолуу аймак болгондуктан, туризм инфратүзүмүн өнүктүрүү негизги багыт болуп саналат. Жаңы долбоорлорду ишке ашыруу максатында тиешелүү аткаруу бийлиги менен биргеликте туризм менен спорт чөйрөсүнө ички жана тышкы инвестицияларды тартуу;

Кыргызстандын туруктуу өнүгүшү үчүн ички электр энергиясынын запасын көбөйтүү жана экспорттук мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү өтө маанилүү. Бул багытта өлкө боюнча ГЭСтерди куруу жана ишке киргизүү — улуттук масштабдагы артыкчылык болуп саналат.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
Тел.: 0551 212141
Почта: aaltynbekov03@gmail.com



## №14 Сыдыков Бактыбек Усенович

**Туулган датасы:** 18.07.1970
**Иштеген жери жана ээлеген кызматы:**
КР Жогорку Кеңештин депутаты

***"Кызматым Элиме"***

*КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкердин программасы:*

Шайлоо программа социалдык чөйрөнү жана экономиканы өнүктүрүүнү көздөйт. Максатым — калктын татыктуу жашоосу үчүн зарыл шарттарды камсыз кылууга негиздеп мыйзам долбоорлорун сунуштоо.

Өлкөнүн туруктуу өнүгүүсү үчүн маанилүү болуп саналган мыйзам долбоорлорун иштеп чыгуу;

Калкка көрсөтүлүүчү социалдык кызматтардын сапатын жогорулатуу;

Калктын иш менен камсыз болушун жогорулатуу;

Турак-жай маселесин чечүү аркылуу, жаш үй-бүлөлөргө колдоо көрсөтүү;

Медициналык жана билим берүү мекемелеринде кадр таңкыстыгын жоюу максатында, адистерди социалдык жактан колдоо программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

Тиешелүү шарттарды түзүү менен аймактарда кичи жана орто бизнести өнүктүрүү боюнча жергиликтүү долбоорлорду ишке ашырууга чет элдик жана ата мекендик инвесторлорду тартуу;

Калктын сапаттуу медициналык жардамды тез жана натыйжалуу алуусу, оорулардын алдын алуу, калкты сапаттуу таза суу, сугат суу менен камсыз кылуу маселелерин чечүүгө көмөктөшүү.

**ДАРЕГИ ЖАНА БАЙЛАНЫШ МААЛЫМАТТАРЫ:**
sydykov14baktybek@gmail.com

Талапкердин программасынын орфографиясы менен пунктуациясы сакталган



Нускасы 188. № 426 буйрутма